Бекитемин:
"16" 09. 22 -жыл
Мектеп директору: ______ Исламов К.

# Кыргыз Республикасынын Билим берүү илим министрлигинин 2022-жыл 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата түзүлгөн иш-чаралардын негизинде 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата Качибеков Абдулла атындагы орто мектебиндеги өтүлүүчү иш-чаралар

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу<br>Дубал газета, кыргыз тилине арналган макал-лакаптарды бурчтарды илдирүү (5-11-класстар) | 5-сентябрь | Кыргыз тил мугалимдери |
| 2 | Ачык тарбиялык сааттарды өткөрүү (5-11-класстар) | 7-сентябрь | Класс жетекчилер |
| 3 | Класс аралык дилбаян жаздыруу «Эне тилим-эне сүтүм», «Кыргыз тилим байлыгым» (9-10-11-кл) | 13-сентябрь | Кыргыз тил мугалими Токтогул у Б |
| 4 | «Тил байлыгы – дил байлыгы» конкурс сабагы (8-10-класстар) | 15-сентябрь | Кыргыз тил мугалими Кожонова Ж |
| 5 | Көркөм окуу<br>(8-9-класстар) | 19-сентябрь | Кыргыз тил мугалими Токтогул у Б |
| 6 | Мамлекеттик тил жөнүндө макал-лакаптарды айттыруу | 23-сентябрь | Кыргыз тил мугалимдери |

Scanner App Lite

| | | | |
|---|---|---|---|
| | (1-3-класстар) | | |
| 7 | Кыргыз тили мамлекеттик-тил (доклад) | 27-сентябрь | Касмалиева З |
| 8 | Кыргыз тилинин келип чыгуу тарыхы (тегерек стол 10-класс) | 29-сентябрь | Тарых мугалими Сейталиев К |
| 9 | «Кыргыз тилим – Мекеним» (ачык тарбиялык саат 4-класс) | 30-сентябрь | Ишенбаева Н |
| 10 | "Кыргыз тили мамлекеттик тил" деген темада сүрөт конкурсун өткөрүү (7-9-кл) | 03-октябрь | Сүрөт мугалими Бактыбек к С |
| 11 | "Манас эпосу кыргыз рухунун туу чокусу" (көркөм окуу 8-кл) | 6-октябрь | Кыргыз тил мугалими Токтогул у Б |
| 12 | "Тил – элдик казына" (тегерек стол 8-11-кл) | 7-октябрь | Китепканачы Исаева З |
| 13 | Элдин баа жеткис байлыгы-анын тили. (тарбиялык саат 10-класс) | 10-октябрь | Класс жетекчи Касмалиева Б |
| 14 | Менин мекеним – Кыргызстан (сүрөт тартуу 2-3-4-5-кл) | 11-октябрь | Кыргыз тил мугалимдери |
| 15 | "Улут болсом – тилим менен улутмун" (дилбаян жазуу 8-9-10-11-кл) | 12-октябрь | Кожонова Ж Токтогул у Б |
| 16 | Салтанаттуу линейка Жыйынтыктоо (5-11-кл) | 13-октябрь | Кыргыз тил мугалимдери |

Түзгөн: кыргыз тил мугалимдери

Scanner App Lite

**Кыргыз Республикасынын Билим беруу илим министрлигинин 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата 2022-2023 – окуу жылынын**

**Качибеков Абдулла атындагы орто мектебиндеги өткөрүүлүчү иш -чаралардын**

## Маалымдамасы

2022-2023- окуу жылынын мамлекеттик тил күнүнө карата иш-пландар түзүлүп бекитилди .

Уюштуруу иштери жүргүзүлдү Мектептин бир бурчуна дубал газеталар , макал- лакаптар кыргыз тилге арналган ыр саптары илинип турду

Класс жетекчилер ар кандай темада тарбиялык сааттарды өткөрүштү

9-11-класстар арасында “эне тилим , эне сүтүм “ , “Кыргыз тилим - байлыгым “ деген темада дил баяндар жаздырылды Мектепте 1-5-класстар арасында

Биз “Манас” эпосу менен сыймыктанабыз ! деген темада конкрус уюштурулду Мамлекеттик кыргыз тил күнүн жыйынтыктоо үчүн жалпы класстар менен салтанаттуу линейкада кыргыз тил мугалимдери тарбия завуч менен бирдикте чон концерт уюштурулду.

Scanner App Lite

Кыргыз тилинин келип чыгуу тарыхы боюнча 10-класстын окуучуларынын арасында тарых мугалими Сейталиев Калыйбек эң кызыктуу тегерек стол өткөрдү. Тегерек столдо окуучулар абдан мыкты деңгээлде болушуп, өздөрүнүн ой пикирлерин айтып бергенге аракет кылышты. Мугалим кызгыз тилинин тарыхы, өнүгүшү жана бүгүнкү күндөгү абалы жана ошондой эле коомдогу кыргыз тилиндеги көйгөйлөрү тууралуу суроолорду берди, окуучулар тартынбастан өздөрүнүн ойлорун айтып берди. Эки окуучу Шайлообек Дүйшээвдин ырларынан окуп берип, бүгүнкү шаар жердеги кыргыз балдарынын кыргыз тилинде сүйлөөсү, ошондой эле айыл жердеги балдардын кыргыз тилине көңүл бурбай жаткандыгына токтолушту. Тегерек стол абдан кызыктуу өттү. Тегерек столго мектептеги мугалимдер катышты жана мугалимдер өздөрүнүн бааларын беришти.

6-октябрда 7-8-класстын окуучуларынын арасында «Манас эпосу кыргыз рухунун туу чокусу» деген темада манас эпосунан үзүндүлөрдү көркөм окуу боюнча конкурс болду. Окуучулар Манастын бала чагынан, Семетей эпосунан, Сейтек эпосунан өздөрү каалаган жеринен үзүндүлөрдү жаттап, айтып беришти. Бул конкурска директордун тарбия иштери боюнча орун басары Касмалиева, кыргыз тил мугалимдери Кожонова Ж, Токтогул у Б класс жетекчи Исаева З, тарых мугалими Сейталиев К жана Бакыт у А коммисия болушту. Эки класстын тең окуучулары абдан таймашып, эпосту көркөм айтууга аракет кылышты. Эпосту айтууда алардын формасына дагы кароо жүргүзүлдү. 7-класстын окуучулары мыкты даярданып келишиптир Бактыбеков А манастын бала чагын эң жакшы деңгээлде айтып берип, 1 орунду багындырышты. 8-класстан окуучулары Дамир к Б Семетей эпосунан Каныкейдин жомогун мыкты аткарып 2 орунду камсыз кылышты. 8-класстын окуучусу Касымкулов Н Манастын бала чагын көркөм айтып берип, 3 орунду камсыз кылышты.

Ушул конкурста 1-2-3 орунду алган окуучуларга кыргыз сексиясынын мүчөлөрү тарабынан даярдалган мактоо баракчалары ыйгарылды.

«Менин мекеним-Кыргызстан» деген теманын алкагында сүрөт тартуу боюнча тапшырмалар 2-3-4-5-класстын окуучуларына берилген. Окуучулар тартып келген сүрөттөрүнүн баардыгын мектепте, тил күнүнө арналган бурчка илишти, иш-чаранын аягында сүрөт мугалими Бактыбек к С кыргыз тил мугалими Токтогул у Б болуп сүрөттөрдү карап чыктык. Бардардын баардыгы абдан аракет кылып, жакшы тартышкан.

Scanner App Lite

1 орунду 5-класстын окуучусу Каныбекова Аруузатка ыйгарылды. 2 орун 3-класстын Мааданбекова Айдайга. 3 орунду 4-класстын окуучусу Алакова Аяна ыйгарылды.

Иш-чараны өткөрүү мезлилинде баардык класстар мамлекеттик тил күнүнө карата өз-өз класстарында тарбиялык сааттарды өткөрүштү. Анын ичинен бир канча ачык сабактар өткөрүлдү.

Ачык сабактарга класс жетекчилер, чыгармачылык менен жакшы даярданышып. Мыкты көрсөтмө куралдары пайдаланышты.

Иш-чара 5-сентябрда башталып, 13-октябрда жыйынтыкталды. Жыйынтыктоо салтанаттуу линейка менен аяктады. Иш-чаранын жүрүшүндө иш-планда түзүлгөн баардык иштер аткарылды.

Жазган: Токтогул у Б.

Scanner App Lite